УДК: 37+82

Байтикова Т.А., Турдумамбетова Г.
*К.Тыныстанов ат. ЫМУ,*
*К.Тыныстанов ат. ЫМУ, магистрант*

# ПЕДАГОГИКАЛЫК ОЙЛОР АЛЫКУЛ ОСМОНОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫНДА

*Макалада улуу акын Алыкул Осмоновдун ырларынын жаш курак мезгилдерине берген мүнөздөмөлөрүнүн негизинде педагогикалык ойлор, аларды улуттук тарбиялоо процессинде колдонуу маселеси каралды. Ошондой эле акындын "Отуз жаш" ырынын психологиялык-философиялык таасиринин педагогикалык ишмердүүлүктө колдонулушуна да орун берилмекчи.*

***Негизги сөздөр:*** *инсан, педагогикалык ойлор, улуттук т арбия, педагогикалык ишмердүүлүк, чыгармалар, эмоционалдык таасир.*

*В статье рассматривается вопросы педагогических идей в стихах великого поэта Алыкула Осмонова и их использование в процессе национального воспитания. Также отводится место на педагогическую деятельность и психолого-педагогиеское влияние стихотворения поэта "Тридцать лет".*

***Ключевые слова:*** *личность, педагогические мысли, национальное воспитание, педагогическая деятельность, произведении, эмоциональное влияние.*

*This article deals with the isses of pedagogical thoughts on the basis of the poems of the great poet Alykul Osmonov and their use in the National educational process.There is also a place of pedagogical activity and psycho-philosophical effect of the poem "Thirty years".*

***Key words:*** *personality, pedagogical thoughts, national education, pedagogical activity,work, emotional influence.*

Кыргыз элинде акындар адамдын курактык өзгөчөлүгүнө байланыштуу элдик тарбияга көңүл бөлүү менен, ар бир жашка өзүнчө мүнөздөмө берип, ар бир жылга, куракка бөлүп, анын өзгөчөлүктөрүн көрсөткөндүгүн алардын ыр саптарынан көп кездештиребиз. Мисалы, адабий мурастардагы ой-пикирлерге көңүл бурсак, алар адамдын өсүп-жетилүү кездерин, жашоо агымы, турмуш философиясы менен тыгыз байланышта каралган учурлар байкалат. Чыгармаларда баланын психологиялык өнүгүүсүн ар түрдүү мезгилге бөлүп, кээде ар бир жашка өзүнчө мүнөздөмө берүү менен, аларды жаш кезинен тарбиялоо керектиги тууралуу маселелерге орун берилген. Мисалы, жаш балдарды үй-бүлөдө тарбиялоо, аларга чоңдордун таасири, эрте балалык курактан баштап балдардын мүнөздүк сапаттарын тарбиялоо; он үч жаштан он беш, он алты жашка чейинки өспүрүмдөр, боз бала, беш көкүл, бой жеткендердин ой-санаасы, мүнөздүк өзгөчөлүктөрү, жүрүм-туруму, аларды тарбиялоо ж.б. жөнүндө маанилүү учурларды ырга айландырып келишкен.

Эл акындарынын адамдын жаш курак мезгилдерине берген мүнөздөмөлөрүндөгү сөздөр, сөз айкаштары, сүйлөмдөр, ыр түрүндө берилип, улуттук таалим-тарбияда пайдаланууга чоң мүмкүнчүлүктөр түзүлгөн. Себеби алар өтө таасирдүү, кыска, терең маанидеги сөздөрдөн куралат. Буларды мектепте сабактан тышкаркы тарбиялык иштерде да ийгиликтүү колдонууга болот.

Адамды курчап тургандын бардыгы тарбиялайт. Бирок максаттуу тарбиялоо, биринчиден, адамга таасир берүүчү атайын шарттарды жана методдорду түзүүгө, экинчиден, атайын уюшулбаган шарттарда тарбиялык максатта колдонууга мүмкүнчүлүк түзөт. Педагогикалык тарбиялоодо педагог жана окуучу өз ара иш-аракетте болушат. Педагогикалык ишмердүүлүктө кыргыз элинин таалим-тарбиялык ой-пикирлеринде он беш, жыйырма беш, отуз, кырк жаш курагы жөнүндө чыгармалар мектеп программасына киргизилип, максаттуу багытта окутулуп келет.

Кыргыз эл акындары жеке инсандардын да психикасынын калыптануусундагы айырмачылыктарды алардын кулк-мүнөзү, иш-аракети, сүйлөгөн сөзү, жүрүм-турумунан көрө билген, алардын бири-бирине окшобогон өзгөчөлүктөрү курчаган чөйрөнүн, коомдун,

тубаса тукум куучулуктун натыйжасы экенин, биологиялык факторлордун жаш адамдын жан дүйнөсүнө таасир этерин да ырга айлантып келишкен.

Жогоруда аталган жаш курактарга арналган эл акындарынын мурасындагы таалим-тарбиялык ой-пикирлерди улуу акын Алыкул Осмоновдун чыгармаларынан да кездештирүүгө болот. Анын поэзиясынын предмети адам болуп, анын өтө татаал, миң түрдүү турпатын ачып берүүнүн өзү терең философиялык, психологиялык жана педагогикалык контекстте талдоону талап кылат.

Акындын “Бүкөн” аттуу ырында үч жашар кыз сыпатталат. Ырдын мазмуну согуш учурун камтып, кыздын атасы согушка кетип, келбей калгандыгы, кыз кайтпай калган атасын күткөндүгү айтылат. Бул ырды педагогикалык контекстте талдап көрсөк, үч жашында балалык сезимдин баёлугу, ал эрте балалык куракта болсо да сагынуу сезим жан дүйнөсүн уялап, “атакем келсе экен, тилегимди берсе экен” деп ырдаганы, ырдын таасирдүүлүгү ар бир окуучунун жан дүйнөсүнө жетет. Ошондой эле ырда улуттук өзгөчөлүк да (кыргыз эли, кымыз ж.б) камтылат. Бул ырда кичине кезинде бала бардык нерсеге ишене тургандыгы, улам чоңойгон сайын аң-сезими өнүгүп, айырмачылыктарды көрө баштай тургандыгы сүйлөмдүк контекстте жатат. Кызды калыптандыруучу чөйрө эркелете турган аталарынын көптүгү аркылуу берилет.

Алыкул Осмоновдун чыгармаларынын ичинен эң ийгиликтүү чыккан чыгармасы “Отуз жаш” ыры саналат. Бул чыгарма философиялык, психологиялык терең мазмунду өзүндө камтыйт. Ошону менен бирге бул ырдан биз педагогикалык ойлорду бөлүп кароого боло тургандыгына ынандык. Анткени А.Осмоновдун өмүрү, чыгармачылыгы мектеп программасына киргизилип, окутулуп келет.

Сынчы К.Асаналиев Алыкулду ак боз атын мингизип, аздектеген поэзия сересине жеткирип: «Осмоновдун акындык новаторлугу мына мында: ал кыргыз жергесиндеги турмуштук өзгөрүштөрдүн сырткы белгилерин, жалпы түспөлүн эмес, адамдардын аң-сезиминдеги, психологиясындагы, жашоо дүйнөсүндөгү кескин бурулуштардын диалектикасын ачты» – дейт [1]. Бул жерде отуз жаштын өзгөчө белгилери, бул куракта адамдын толуп турган кезин элестетет. Бул мезгилди психологиялык контекстте сүрөттөөгө өтөт.

Белгилүү сынчы, публицист К.Укаев кыргыз поэзиясынын профессионалдуу деңгээли жөнүндө Алыкул Осмоновдун чыгармаларысыз сөз кылууга мүмкүн эместигин белгилөө менен, акынды өз “окуу китеби”, өзүнчө бай устаканасы бар оригиналдуу, элдин улуттук духу терең акын экендигин белгилеп, анын мурасына өтө этияттык менен мамиле кылууну талап кылат [7]. Анын макалаларында көркөм сынчыл ойломдун профессионалдык деңгээлинин бийиктиги, чыныгы поэзиянын табиятын нак аныктоо аракеттеринен ырдын көркөм салмагын баамдоого болот.

Акындын “Отуз жаш” ыры өз учурунда дээрлик бардык сынчы- адабиятчылардын көңүлүн өзүнө буруп, ар кандай баага татыган. Ш.Үмөталиев ал акындын жогорудагы ыры жашоого, турмушка чакыруучу жаңы мазмундагы элегия экендигин баса белгилейт.

Ырас, өмүр кандай кыска, кандай аз…
Тагдыр ошол өлчөмүнөн кем кылбас.
Бирок, чиркин, аздыгына мейли эле,
Анын октой тездигине катат баш.
Кечээ гана тиги кырда жок эле,
Кайдан чыкты боз ат минген отуз жаш? - деген «метафоралык образдын

мааниси өмүрдүн зымырап учуп өткөн тездигин белгилеп тургандай сезилет" - дейт К.Асаналиев [1]. Ырдын көркөмдүк мазмундуулугу, философиялык арымы, албетте, адам өмүрүнүн тездигин туюнтуу менен чектелбесин, чыгармада андан ары метафоралык образ улам жаңы мааниге ээ болуп тереңдеп, өзүнүн медитативдик касиетин күчөтүп, бара-бара боз аттын образы өркүндөгөн метафорага айлангандыгын сынчы кыраакы көз караш

менен даана көрө билген:

Ал зымырайт, үстү-үстүнө камчылап,
Жетер жери, түшөр үйү барчылап.
Эгер анын жетер жери бар болсо,
Неге суудай тынбай агат адамзат?
Ошондуктан тынымы жок өмүрүм,
Уч-кыйры жок алыс жолго шаштырат [12].

Ш.Үмөталиев менен К.Асаналиевдин пикирлери бир жерден чыгып, эмоционалдуулук таасирленүү даана байкалат.

К.Артыкбаев да акындын философиялык ырларына кайрылып, оюн мындайча билдирет: «Турмуш менен күрөшүүнүн бирден-бир куралы эмгек экендигин «Отуз жаш» деген ырында конкреттештирет» [2]. Изилдөөчүнүн пикири ынанымдуу, ал акындын калк үчүн кастарлуу эмгек кылып кеткендигине басым жасайт.

Ырды окутууда анын контекстинде эмгектин даңазалангандыгы аркылуу окуучуларды эмгекти сүйүүгө чакырууга негиз боло алат.

К.Кырбашев "Отуз жаш" ырына төмөнкүдөй баа берет: «Автор боз ат менен отуз жаштын ортосундагы окшоштук байланышты көрсөтүп, окуучунун ой жүгүртүү сезимин көтөрүү менен бул сыяктуу метафоралар аркылуу ар бир нерсенин өзүнө туура келүүчү предметин таап, элестүү образ түзгөн" [4].

Изилдөөчү ырдагы сөздөр кадыресе жөнөкөй, бирок саптарга чеберчилик менен кынапталган учурда философиялык ойлор тизмектеле анын мазмунуна эң сонун ажар-көрк бергендигин, мазмундун тереңдигин ачууга күчтүү психологизм негиз болгондугун байкайт.

С.Жигитов акындын философиялык ой-жорууларын анын ооруга чалдыгышы менен байланыштырат. Сынчынын оюнда мындай жыйынтыкка келүүнүн жүйөлүү себеби бар. Ооруга кабылган адам өлүмдү ойлоого аргасыз болуп, өмүрдүн соо кишиге байкалбаган күлүк чабытын сергек туюп, эрксизден философчулук кылат деген сыяктуу омоктуу ойлорун ортого салуу менен, акындын "Отуз жаш" ырына толук экскурс жасайт. Ырдын ар бир сабын талдоого алган окумуштуунун пикири көп жагынан далилдүү экендиги баамга урунат. Ал отуз жаш менен ак боз аттын айкалышынан картаң түс пайда болуп, өмүрдүн тездигин ого бетер курч сездирет деген ойду айтат. Чындыгында, отуздун кырынан ашкан окурманды өмүрдүн өр тартышы капалантышы ыктымал. Бирок сынчы ырдын аягында акындын өмүргө карата активдүү мамилесин таамай көрөт. С.Жигитов философиялык ырларга карата өз оюн мындайча жыйынтыктайт: «Алыкул Осмоновдун өмүргө жана өлүмгө карата жалпы акындык мамилесинде муңайым акылмандык, басмырт оптимизм, чыныгы кайрат бар. Акын ушул багыттагы мыкты ырлары менен кыргыз поэзиясынын философиялык деңгээлин бир кыйла бийиктетип кетти» [3].

Р.Кыдырбаева эң алгачкылардан болуп акындын чыгармачылыгына кайрылып, андагы "Отуз жашка" назар салат: "Автор сумел достичь полной гармонии формы и содержания произведения, подчеркивая своими повторами бодрое стремление вперед к жизни, к свету» [5]. Автор ырдан күрөштүн бийик пафосун, жалындаган жаштыктын кайратын көрөт.

А.Садыков ырда колдонулган "ак боз ат минген отуз жаш" метафорасы жигиттик кезди элестетерин айтып, акындын оюн элдик түшүнүк менен байланыштырат. Анда ат менен жигит бир бүтүн нерсе катары көрүнөрүн белгилейт [11]. Адабиятчынын оюнда чындыктын үлүшү чоң. Акындын чыгармачылыгында фольклордук традициянын таасирин көп учуратууга болот. Көркөм сөз каражаттарынын элдик үлгүлөрүн Алыкул өтө кылдаттык менен колдоно билген. "Отуз жашта" сынчы мисалга алган метафоранын негизинде биз жаңы образ менен таанышабыз. Чыгармада абстракттуу түшүнүктөр конкреттүү образга айланып, таасирдүүлүгү улам күч алып жүрүп отурат.

К.Асаналиев: «Алыкул Осмоновдун өмүр жөнүндөгү ырларынын жаркыраган таңкы чолпону, миң кубулжуган соолбос гүлү, көз кайкыган кыл чокусу - кантсе да «Отуз жаш»- дейт [1]. Бул жылуу пикир жогоруда аты аталып өткөн окумуштуулардын ойлорун бириктирип, бир калыпка салып, жыйынтык катары жар салып жаткандай туюлат. Анткени «Отуз жаш» оозго алынып, анын отуз түрлүү кырын ачып, чыгарманын чындыгында Алыкулдун поэзиясынын төрүнөн орун алышында сынчы-окумуштуулардын эмгектери колдоого аларлык. Алардын айткан пикирлери ар кайсы учурду камтыса да, биринин оюн бири толуктап, калыс баада калчап, бардыгы бир ооздон философиялык туюмдарды акындын новаторлугу деп билишет. Новаторлук маселеси менен катарлаш традициялуулук маселесинин чыгармаларда чагылдырылышы да жогорудагы сынчылар тарабынан адилеттүү ачылган.

Ш.Үмөталиев да философиялык ырлары туурасында төмөнкүчө ой бөлүшөт: "Бул элегияларында автор адамдын бай ички сезим дүйнөсүн терең философиялык ой жүгүртүүлөр менен ачып берүүгө умтулат. Акын прогрессивдүү романтизмдин терең деңизине чөгүп кетет да, ички сезим дүйнөсүнөн зор философиялык ой жана көркөм сөз каймактарын шыпырып келет»[1].

Акын андан аркы ыр саптарында тагдырдын жазмышына таарынса да, ага моюн сунбай, тирүүлүккө, эсенчиликке бел байлайт. Өмүрдүн зымырык куштай тездигин, учу-кыйырсыз чексиздигин, эмгектин, чыгармачылыктын, анын ичинде өзүнүн чыгармаларынын түбөлүктүүлүгүн жар салат.

Ырдын аягында: Он беш жолу улам кайра туулуп,
Он беш жолу жашарбасам, карап тур? –деген саптардан эч кандай муңдуу добуш угулбайт. Өмүрдүн өлүм менен алмашары, бирок адамзат коомунун түбөлүктүүлүгү − барып турган чындык! Бул − турмуш философиясы! Ал эми адам өмүрүнүн кыскалыгын, талбас эмгектин тамырынын тереңдиги, ар бир учурдун өжөрлүгүн, жашоонун таттуулугун тамшана көркөм күүгө салып ырдаганы, окурманды да өзү менен кошо ошол улуу күчкө багындырып туюндурганы бул акындын улуулугун тастыктап турат. Ушундан улам белгилүү адабиятчы З.Мамытбеков: «По своему содержанию, художественной завершенности стихотворение «Тридцать лет» является одним из лучших в творчестве поэта. Внимательно вчитываясь в каждую строчку, невольно думаешь: как глубоко и чисто любил он жизнь, как правильно понимал высокое назначение человека», - деп жазат [6].

Акындардын ырларын программага киргизип окутууда, алгач адамдын психологиялык өнүгүүсүнө байланыштуу илимий психологиялык, педагогикалык түшүнүктөр менен окуучуну кабардар кылып, андан соң чыгармаларды талдоо зарылдыгы бар. Анткени жаш курактарга байланышкан ырлардын мазмуну курак өзгөчөлүктөрүнө байланышып, таасирдүүлүгү байкалат.

Алыкул Осмоновдун жогоруда талдоого алынган «Бүкөнтай» жана «Отуз жаш» ырлары мектеп программасына атайын киргизилбесе да, 5-класста акындын өмүрү, чыгармачылыгына кеңири орун берилип, анын тандалмалуу чыгармалары окутулат. Көпчүлүк мугалимдер окуу процессине болгон мамилесине жараша же класстык сааттарды пландаштырууда да аталган ырларды планына киргизип, окутуп келишет. Өзгөчө, «Отуз жаш» ыры бул курактын маңызын ачып, жигиттиктин толуп турган кези курч сүрөттөөлөр менен берилет. Акындын жаштарга карата айтылган сөздөрү, азыркы күнү өзүн-өзү таанып-билүү жана тарбиялоо процессине заманга жараша ылайык келтирилгендигин көрүүгө болот. Бул ырды класстык саатта кеңири талкууга алууда анын зор философиялык-психологиялык таасири өсүп келе жаткан муунга шык берип, өмүрдүн түбөлүктүүлүгүн, ишке болгон өжөрлүктү тарбиялоо маселесин козгоо мүмкүнчүлүгү туулат. А.Осмоновдун ырларындагы терең, мазмундуу ойлорду кыргыз элинин улуттук көз карашынын

негизинде кароо зарылдыгы бар. Себеби бул азыркы кезде улуттук ой-пикирлерди, аң-сезимди жана улуттук кулк-мүнөздү калыптандыруу багытындагы тарбиялык иштердин натыйжалуулугун арттырат. Муну менен бирге окуучулар өздөрүнүн жолдошторунун ар кандай курагында улуттук өзгөчөлүктөрүн таанып-билүүсү окуу иштерин уюштурууда алар менен карым-катнаш түзүүдө оң таасирин тийгизет.

Окутуу-тарбиялоо ишинин борборунда өнүгүп-өсүп жаткан инсан турат. Бул инсандын психологиялык өзгөчөлүктөрүнүн кулк-мүнөзүн, кыял-жоругун билбей туруп, ошону менен катар эле социалдык чөйрөсүн аныктабай туруп, тарбияны ийгиликтүү уюштуруу мүмкүн эмес.

Учурдун өзгөрүлмө шартында педагогдун иш-аракети, анын мобилдүүлүгүнө, шарттын өзгөрүүсүн тез биле алуусуна жана перспективдүү милдеттерди чечүүгө умтулуусуна багытталышы керек. Бул багытта акындардын ыр саптарында кездешүүчү тарбиялык тассирдүү ойлору окуучуну ойлондуруп, акырында жашоого, өмүргө, эмгекке карата туура бүтүм чыгарууга шыктандырат. Келечекте мугалимдик кесипке ээ болуучу студенттердин аталган чыгармаларга таасирленип, алган билимдерин улуттук ой-пикирлер менен толуктоо аракеттери да болушу зарыл.

Окутуп, тарбиялоо иштери ар тараптуу жана мугалимдин окутуу методикасына жараша ар түрдүү жолдорго таянуу менен иш алып баруусу максатка ылайык. А.Осмоновдун ырларын окуу процессинде кеңири пайдаланууда акындын чыгармачылыгына болгон кызыгуусу артып, ырларды ар тараптуу баалоого, жаңы маалыматтар, идеялар менен байытууга болот. Окуучунун фантазиясы күч алып, чыгармачылыкка болгон шыгы ойгонушу да мүмкүн.

**Адабияттар:**

1. Асаналиев К. Алыкулдун ак боз ат /К-те: Өрдөн өргө. -Ф.: Илим, 1977. –74-б, 81-б.
2. Артыкбаев К. XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы. -Б.: «ТАС» ЖЧК, 2004. –217-б.
3. Жигитов С. Акындын эки өмүрү. -Б.: Кыргызстан, 1998. –62-б.
4. Кырбашев К. Алыкул Осмоновдун поэзиясынын тили. -Ф.: Илим, 1967. –75-б.
5. Кыдырбаева Р. Лирика Алыкула Осмонова. -Ф.: изд. Акад.наук, 1957. –С.60.
6. Мамытбеков З. Пламенный поэт. -Ф.: Кыргызстан, 1971. –С.54.
7. Укаев К. Оту өчпөгөн коломто/К-те: Ыр нөшөрү. -Ф.: Кыргызстан, 1982. –96-б.
8. Үмөталиев Ш. Канаттуу поэзия //Советтик Кыргызстан. –1956. –74-б.
9. Үмөталиев Ш. Алыкул Осмонов. -Ф.: Кыргызмамбас, 1958. –88-б.
10. Садыков А. Алыкул Осмонов./К-те: Адабий сын айдыңында. -Ф.: Илим, 1957. –87-б.
11. Осмонов А. Көл толкуну. -Ф.: Кыргызстан, 1972. –47-48-бб.